## №17 С. Далбаев атындагы гимназия мектебинин класс жетекчилер кеңеши жөнүндө

## Жобо

**1.Жалпы жоболор**

1.1.Тарбиялык иштердин жүрүшүн жакшыртуу максатында класс жетекчилер кеңеши түзүлөт жана укуктары аныкталган

1.2.Класс жетекчилер кеңешинин түзүмү мектептеги окуучулардын санына жараша болот.

1.3.Класс жетекчилер кеңешинин мүчөлөрүн директордун тарбия иштери боюнча орун басары сунуштай алат, же болбосо класс жетекчилер чогулушунда мугалимдердин сунушу жана чечими менен аныкталат.

1.4. Сунушталган мугалимдерди мектеп директору бекитет.

**2. Максаты:**

2.1. Тарбия иштеринин жүрүшүн усулдук жактан жетектөө;

2.2. Ата-энелер менен кызматташуунун деңгээлин жогорулатуу;

2.3. Класстык жана класстан тышкаркы иштерди жүргүзүүнүн сапатын жакшыртуу;

2.4.Окуучулардын мекенчил,толеранттуу, компетентүү инсан болуп тарбияланышына өбөлгө түзүү.

**3. Милдети:**

3.1. Класс жетекчилерге усулдук жардам көрсөтүү;

3.2. Тарбия иштерин уюштурууга көмөк көрсөтүү;

3.3. Тарбия иштери боюнча тажрыйба алмашууну камсыздоо;

3.4. Тарбиялык максаттагы иш-чаралардын уюштурулушун камсыздоо.

**4. Укуктары:**

4.1. Тарбиялык иштердин жүрүшүн көзөмөлгө алууга;

4.2. Класс жетекчилердин иш кагаздардын текшерүүгө;

4.3. Тарбиялык иштердин планын түзүүдө өз сунуштарын киргизүүгө;

4.4. Мектеп ичинде өткөрүлгөн ар кандай тарбиялык макттагы сынактарды,таймаштарды баалоого катышууга;

4.5. Класс жетекчилердин ишин класс жетекчилер кеңешмесинде кароого.

**5. Билүүгө тийиш:**

5.1. КРнын конституциясын жана символикаларын;

5.2. Балдар укугунун конвенциясын;

5.3. Билим жана илим министрлигинин нормативдик документтерин:

5.4. КРнын Билим берүү жана мугалимдин статусу жөнүндөгү мыйзамы;

5.5. Тарбиялоонун жана класстык сааттарды өтүүнү заманбап технологияларын

132 буйруктан көчүрмө

10.09.2022 №17С.Далбаев атындагы гимназия мектеби

Ооган-Талаа айылы

Класс жетекчилер класс менен иштөөсүн жакшыртуу,

Педагогикалык ишмердүүлүгүн жогорулатуу максатында буйрук кыламын:

1.Класс жетекчилер кеңешмесинин түзүмүнө ар бир звеного (башталгыч, ортоңку жана жогорку) экиден класс жетекчи дайындалсын.

2.Класс жетекчилер кеңешмесинин түзүмүнө төмөнкү мугалимдер бекитилсин:

Башталгыч класс (1-4-класстар)

Тойчиева Гүлнара

Бапанова Эльмира

Ортоңку звено(5-7-класстар)

Ташматова Марина

Артукбаева Дилдара

Жогорку звенодо(8-11-класстар)

Самидинова Зарина

Нышанбаева Дилфуза

3.Класс жетекчилер кеңешмеси менен иш жүргүзүү директордун тарбия иштери боюнча орун басары Жамгырчиева А.га жүктөлсүн.

Директор : Өмурзакова Д.